MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi 2025 Cilt: 14 Sayı: 1
MANAS Journal of Social Studies 2025 Volume: 14 No: 1
ISSN: 1694-7215

Research Paper / Araştırma Makalesi

# Өспүрүмдөрдүн Кибер Зомбулукка Каршы Сезгичтик Деңгээлдерин Аныктоочу Шкаласын Иштеп Чыгуу

Mehmet Arif ÖZERBAŞ[1] ve Gülnur ISMANOVA[2]

**Аннотация**
Изилдөөнүн максаты өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлин аныктоо үчүн жарактуу жана ишенимдүү шкала иштеп чыгуу болуп саналат. Изилдөөнүн фокус-группасын 2023-2024-окуу жылында Бишкек шаарында мамлекеттик мектептердин 7, 8, 9, 10 жана 11-класстарында билим алган 451 окуучу түзгөн. Өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлин аныктоочу шкала иштеп чыгуу үчүн эки фокус группадан маалымат топтолгон. Биринчи фокус-группаны түзгөн 281 окуучудан алынган маалыматтар боюнча ачыктоочу фактордук анализ жана ички ырааттуулук анализи жасалган. Үч жумадан кийин экинчи фокус-группадан маалымат чогултулуп, тастыктоочу фактордук анализи жасалган. 16 пункттан турган шкала боюнча тастыктоочу фактордук анализи үчүн 170 окуучудан маалымат чогултулган. Ачыктоочу фактордук анализдин жыйынтыгында "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласында орун алган пункттар "Коргонуу", "Адеп" жана "Маалыматтуулук" болуп 3 көмөкчү группага бөлүнгөн. Пункттардын фактордук жүктөрү .47 менен .80 арасында өзгөрөөрү аныкталган. Ал эми ишенимдүүлүк анализинин натыйжасында жалпы шкаланын ишенимдүүлүк деңгээли .73 болуп табылган. Тастыктоочу фактордук анализинин натыйжасында Хи-квадратынын ($\chi^2$) мааниси 181.98, ал эми эркиндик деңгээли (df) 98 болуп табылган. Хи-квадраты/эркиндик деңгээли 1.86 болуп аныкталып, эң сонун болгон көрсөткүчтү көрсөткөн. Шкаланын ылайыктуулук индекстери RMSEA:0.05 болуп эң сонун ылайыктуулук коэффициенттин, калган ылайыктуулук индекстери CFI:0.92, GFI:0.93, AGFI:0.90, IFI:0.92, TLI:0.90 түзүп, жакшы деңгээлдеги ылайыктуулукту көрсөткөн. Жасалган анализдердин жыйынтыгына таянып, иштелип чыккан шкала- өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоодо колдонулуучу ишенимдүү жана жарактуу курал катары колдонула аларын айта алабыз.

*Ачкыч сөздөр:* шкала, шкала иштеп чыгуу, ишенимдүүлүк, валиддүүлүк, кибер зомбулук, кибер зомбулукка каршы сезгичтик

# Developing a Scale to Measure Adolescents' Level of Sensitivity to Cyberbullying

**Abstract**
The study aims to develop a valid and reliable scale to determine adolescents' level of sensitivity to cyberbullying. The group under study consists of 7th, 8th, 9th, 10th, and 11th graders studying in public schools in the 2023-2024 academic year. Data were collected from a total of 451 students from 2 sample groups for the scale development analyses determining the sensitivity levels of adolescents to cyberbullying. For the first sample group, data were collected from 281 students, and Exploratory Factor Analysis and Reliability Analyses were conducted. At three-week intervals, data were collected from the second sample group and Confirmatory Factor Analysis was performed. For Confirmatory Factor Analysis, data were collected from 170 students with a 16-item draft scale. As a result of the Exploratory Factor Analysis, it was determined that the scale of sensitivity to cyberbullying was grouped under three sub-dimensions: "Defense", "Ethics" and "Awareness". The factor loadings of the items in the scale were found to vary between .47 and .80. As a result of the reliability analysis of the scale, the total Cronbach's Alpha coefficient was determined as .73. As a result of the Confirmatory Factor Analysis, the c2 value was 181.98 and the degree of freedom was 98. The c2/sd ratio was found to be 1.86 and the fit index was found to be RMSEA:0.05, indicating a high level of fit. Other fit indices CFI:0.92, GFI:0.93, AGFI:0.90, IFI:0.92, and TLI:0.90 were found to be within acceptable limits. Therefore, as a result of the findings obtained in this study, it was revealed that the scale of sensitivity to cyberbullying is a valid and reliable measurement tool that determines adolescents' level of sensitivity to cyberbullying.

*Key Words*: Scale, Scale Development, Reliability, Validity, Cyberbullying, Sensitivity to Cyberbullying

**Atıf İçin / Please Cite As:**

Özerbaş, M. A. ve Ismanova, G. (2025). Өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоочу шкаласын иштеп чыгуу. *Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi, 14* (1), 103-113. doi:10.33206/mjss.1498801

**Geliş Tarihi / Received Date:** 10.06.2024 **Kabul Tarihi / Accepted Date:** 17.09.2024

[1] Prof. Dr. - Türkiye-Kırgızistan Manas Üniversitesi, marif.ozerbash@manas.edu.kg,
ORCID: 0000-0002-1612-9349
[2] Yüksek Lisans Öğrencisi, Türkiye-Kırgızistan Manas Üniversitesi, ysmanova.gulnur7@gmail.com,
ORCID: 0009-0004-6533-4148

Bu eser CC BY-NC-ND 4.0 lisansı altında lisanslanmıştır.

## Киришүү

Инсан түйүлдүк болуп жаралган күндөн баштап өмүрүнүн аягына чейин өсүп-өнүгүүдө болот. Бул өсүп-өнүгүү мезгилдеринде эң критикалык мезгилдеринин бири өспүрүмдүк курак болуп саналат (Kulaksızoğlu, 2009). Өспүрүм, "Adolescent" сөзү грек сөзүнөн которулганда чоңоюу, өсүү-өнүгүү, алдыга жылуу деген мааанини түшүндүрөт (Миталипов, 2018). Өспүрүмдүк курак, илимий адабиятта биринчи жолу 1890-1920 жылдары кездешип, 11-13 жаш эрте өспүрүмдук курак, 14-17 жаш арасы орто өспүрүмдүк курак, ал эми 18-22 жаш арасы соңку өспүрүмдүк курак болуп үч стадияга бөлүп карашкан (Gouws, Kruger, & Burger, 2003). Эрте өспүрүмдүк куракта физикалык жактан өсүп-өнүгүүлөр басымдуулук кылса, орто өспүрүмдүк курак мезгилинде баланын жашоосунда үй-бүлөгө караганда досторy көбүрөөк маанилүү рол ойнойт. Соңку өспүрүмдүк курак баланын өзүн-өзү таануусу менен аяктайт. Өспүрүмдүк курак, инсандын өзүн-өзү тааныган, түшүнгөн жана кишилик сапаттарын калыптандырган курак болуп саналат (Kuzgun, 2002). Инсандын кишилик сапаттарынын калыптанышында, башкача айтканда, оң же терс кишилик сапаттардын ээси болууга таасирин тийгизген сырткы факторлор бар. Ал факторлордун бири зомбулук болуп саналат. Зомбулуктун физикалык зомбулук, психологиялык зомбулук, сөз аркылуу зомбулук, экономикалык зомбулук ж.б түрлөрү бар (Smith, ж.б., 2008). Технологиянын өнүгүшү менен биргеликте жогорудагы зомбулук түрлөрүнө кибер зомбулук термини да кошулду. Кибер зомбулук- интернеттин жардамы менен ар кандай технологияларда бирөөнү атайылап жана кайра-кайра капалантуу, кемсинтүү, коркуткан таризде кат жазуу жана социалдык тармактарда бирөөнү кемсинткен, уяткарган сүрөттөрдү бөлүшүү, жеке маалыматтарын макулдугун албай жарыялоо болуп саналат (Hinduja & Patchin , 2008). Кибер зомбулукка кабылуу же жабырлануу адамдын руханий ден соолугуна терс таасирин тийгизип, керек болсо суицидге чейин алып барышы мүмкүн (McLouglin, Spears, & Taddeo, 2018). Өспүрүмдөрдүн арасындагы кибер зомбулуктун алдын алуу үчүн, алгач алардын кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоо маанилүү.

Кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоо иштеринин эң оптималдуу жолдорунун бири шкаланын жардамы менен өлчөө. Өлчөө бул- физикалык же болбосо психологиялык сапаттарды кандайдыр бир куралдын жардамы менен өлчөө десе болот. Физикалык жана психологиялык сапаттарды өлчөө иштери эки жол менен ишке ашырыла алат. Биринчиси, түздөн-түз өлчөө, мында кандайдыр бир нерсенин жардамы менен өлчөөгө мүмкүн болот. Мисалы: тараза менен оордукту, метр менен узундукту өлчөө ж.б. Экинчиси, кыйыр өлчөө бул- кандайдыр бир сапатты башка бир сапаттын жардамы аркылуу өлчөө. Мисалы: окуудагы жетишкендикти даярдалган тесттин жыйынтыгы боюнча өлчөө ж.б. (Güvendir & Özkan, 2024). Кыйыр өлчөөнүн куралдарынын бири шкала болуп саналат. Шкала бул- кандайдыр бир сапатты же психологиялык мүнөздөмөнү өлчөө үчүн иштелип чыккан өлчөө каражаттары (Erkuş, 2022). Шкаланы колдонуу үчүн шкалада орун алган пункттар колдонулуучу топко маданият, тил жана түшүнүктүүлүк жагынан туура келүүсү абзел. Эгерде шкала башка тилден которулуп колдонулса, анда шкаланы алгач адаптациялоо керек же кайрадан иштеп чыгуу зарыл. Шкала иштеп чыгуу бул- кандайдыр бир психологиялык өзгөчөлүктү өлчөө үчүн же эмне экенин ачып берүү үчүн ылайыктуу пункттардын комплексин камтыган жана белгилүү жооп категорияларынан турган шкала даярдоо процесси болуп саналат (Erkuş, 2022). Шкала иштеп чыгууда белгилүү илимий тастыкталган критерийлардын негизинде иштелип чыгылуусу зарыл. Шкаланын ишенимдүүлүгү жана жарактуулугунун далилденбөөсү өлчөп жаткан психологиялык өзгөчөлүктүн туура эмес өлчөлүүсүнө себеп болуусу ыктымал (Tavşancıl, 2005). Конструктивдүү жарактуулук бул (конструктивдүү валиддүүлүк)- шкалада орун алган пункттардын өлчөөнү көздөгөн өзгөчөлүктү канчалык деңгээлде туура өлчөп жатканын аныктоо (Büyüköztürk, 2023). Жарактуулук- кандайдыр бир өлчөө куралынын өлчөөнү көздөгөн өзгөчөлүктү башка өзгөчөлүктөрдү кошпостон, так өлчөөсү жарактуулук болуп саналат (Ercan & Kan, 2004). Ишенимдүүлүк бул- өлчөө куралынын окшош шарттарда кайра-кайра өлчөөдө окшош маанилерди берүүсү же өлчөө маанилеринин туруктуулугунун көрсөткүчү болуп саналат (Ercan & Kan, 2004).

Изилдөөнүн максаты, өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктаган жарактуу жана ишенимдүү шкала иштеп чыгуу. Бул максаттын негизинде изилдөө жасалып, 16 пункттан турган жарактуу жана ишенимдүү шкала иштелип чыккан. Фактордук

анализдердин негизинде шкала 3 кичи топто же болбосо подшкалага бөлүнөөрү аныкталган. “Кибер зомбулукка каршы сезгичтик” шкаласынын биринчи кичи тобунда орун алган пункттар кибер зомбулуктан коргонууга байланыштуу болгондуктан, “Коргонуу” подшкаласы деп аталган. Экинчи кичи топтогу пункттар адеп менен байланыштуу, ошондуктан “Адеп” пощдкаласы деп аталган. Үчүнчү кичи топтогу пункттар маалыматтуулук менен байланыштуу болгондуктан, кибер зомбулук жөнүндө “Маалыматтуулук” подшкаласы деп атоого чечим чыгарылган. Өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоочу шкаласы “1=Такыр кошулбайм”, “2=Кошулбайм”, “3=Так айта албайм”, “4=Кошулам”, “5=Толук кошулам” жоопторун камтыйт. Шкалада жалпы 11 оң пункт орун алган, алар: 3,4,5,6,7,8,11,12,13,14,15. Калган 5 пункт терс пункттар болуп саналат, алар: 1,2,9,10,16. Кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоодо терс пункттардын (1,2,9,10,16) упайлары тескерисине алмаштырылып эсептелүүсү абзел. Мисалы: терс пункттар, алар: 1,2,9,10,16 “5=Такыр кошулбайм”, “4=Кошулбайм”, “3=Так айта албайм”, “2=Кошулам”, “1=Толук кошулам” катары эсептелет. Жалпы шкаладан алынган эң көп упай 80, эң аз упай 16 болуп эсептелет. 64-80 арасындагы упайлар жогорку деңгээлдеги кибер зомбулукка каршы сезгичтикти көрсөтөт. 33-63 арасындагы упайлар орто деңгээлдеги кибер зомбулукка каршы сезгичтикти көрсөтөт. 16-32 төмөнкү деңгээлдеги кибер зомбулукка каршы сезгичтикти көрсөтөт.

Өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоочу шкаланын конструктивдүү валиддүүлүк жана ишенимдүүлүк анализдеринин натыйжасында иштелип чыккан шкаланын өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоодо колдонулуучу ишенимдүү жана жарактуу курал катары колдонула алаары тастыкталган.

## Материалдар жана изилдөө методу бөлүмү

Өспүрүмдөрдүн “Кибер зомбулукка каршы сезгичтик” шкаласын иштеп чыгууда ачыктоочу фактордук анализ, тастыктоочу фактордук анализ жана ички ырааттуулук анализдери колдонулган.

***Маалымат чогултуу куралы.***

Өспүрүмдөрдүн “Кибер зомбулукка каршы сезгичтик” шкаласынын пункттарын аныктоо үчүн, алгач темага байланыштуу адабияттар окулган. Мындан кийин 10 окуучудан кибер зомбулукка карата мамилелери жөнүндө ойлору суралган. Жогорудагы иштерден соң 20 пункттан турган каралама-шкала даярдалган. Даярдалган каралама-шкаланын пункттары изилдөөнүн максатына ылайыктуулугу боюнча 4 педагогика бөлүмү академиктерине жана 3 психология бөлүмүндөгү академиктерге текшертилген. Текшерүүдөн кийин максатына так тиешелүү деп эсептелбеген пункттар шкаладан чыгартылып, пункттардын саны 17ге кыскартылган. 17 пункттан турган каралама-шкала эң аягында тилдик түшүнүктүүлүгү жана тууралуулугу боюнча лингвистке текшертилип, керектүү болгон оңдоп-түзөөлөр жасалган. Даярдалган каралама-шкаланын жардамы аркылуу 40 окуучудан пилоттук анализ үчүн маалымат топтолгон. Топтолгон маалыматтардан окуучуларга түшүнүктүү экени аныкталып, маалыматтардын чогултуусуна чечим чыгартылган.

Даярдалган шкалада терс жана оң пункттар орун алган. Шкалада жалпы 17 пункт орун алып, алардын 11и оң пункт (3,4,5,6,7,8,11,12,13,14,15). Калган 6 пункт (1,2,9,10,16,17) терс пункттар болуп белгиленген. Атайын окуучуларга шкаланы кантип толтуруу керектиги жөнүндө кыскача түшүндүрмө тиркелген. Зомбулукка каршы сезгичтик шкаласы Лайкерт тибиндеги шкала болуп саналып, белгилөө үчүн “1=Такыр кошулбайм”, “2=Кошулбайм”, “3=Так айта албайм”, “4=Кошулам”, “5=Толук кошулам” жооптору камтылган.

***Изилдөөнүн фокус-группасы.***

Изилдөөнүн фокус-группасын Бишкек шаарындагы мамлекеттик мектептерде 2023-2024-окуу жылында 7, 8, 9, 10 жана 11-класстарда (14-18 жаш аралыгындагы) билим алган 451 окуучу түзгөн. Шкала иштеп чыгуу үчүн фокус-группанын чоңдугу боюнча ар кандай пикирлер кездешет. Изилдөөчүлөр фокус-группанын чоңдугун шкалада орун алган пункттардын саны менен белгилөөнү сунушташат (Bryman & Cramer, 2002; Everitt, 1975; Kline, 2013). Кээбирки изилдөөчүлөр шкалада орун алган пунттардын санынан 5-10 эсе көп болуусу туура жыйынтыктарды берет деп эсептешет (Bryman & Cramer, 2002; Şencan, 2005; Everitt, 1975).

Ошондуктан шкаланын иштелип чыгуусу үчүн эки фокус группадан маалыматтар топтолгон. Биринчи фокус-группа үчүн 281 окуучудан алынган маалыматтар менен ачыктоочу фактордук анализи жана ички ырааттуулук анализи жасалган. Биринчи фокус-группадан чогултулган маалыматтардын саны шкалада орун алган пункттардан 16 эсе көп чогултулган, башкача айтканда, үлгү үчүн жетээрлик өлчөмдө болгон. Үч жумадан кийин экинчи фокус-группадан маалыматтар чогултулуп, тастыктоочу фактордук анализи жасалган. 16 пунктан турган каралама-шкала менен 170 окуучудан маалыматтар чогултулуп, тастыктоочу фактордук анализи жасалган. Тастыктоочу фактордук анализи үчүн 100-150 катышуучу изилдөөнүн фокус-группасын түзө алышат (Muthén & Muthén, 2002; Tabachnick & Fidell, 2013). Топтолгон маалыматтар 150дөн көп болгондуктан тастыктоочу анализ үчүн жетээрлик чоңдукта болгону көрүнүп турат.

### *Маалыматтардын анализи*

Шкаланын конструктивдүү валиддүүлүгүн текшерүү үчүн биринчи ачыктоочу фактордук анализдери, андан соң ортого чыккан моделдин жарактуу модел экенин тастыктоо үчүн тастыктоочу фактордук анализ жасалган. Жогорудагы анализдер жасалганга чейин топтолгон маалыматтардын бир типтүү болуп, болбогонун Skewness жана Kurtosis коэффициенттери (коэффициенты асимметрии и эксцесса) каралып, +1 менен -1 аралыгында экени аныкталган. Маалыматтардын бир тектүү болуп, болбоорун аныктаган Kolmogorov-Smirnov жана Shapiro-Wilk тесттеринин жыйынтыгында Kolmogorov-Smirnov .02, Shapiro-Wilk .12 болуп аныкталган. Жогорудагы тесттердин жыйынтыгы боюнча топтолгон маалыматтардын бир типтүү болбогону аныкталган. Ошондуктан мындан кийинки анализдердин жасалуусуна чечим чыгарылган. Шкаланын ишенимдүүлүгүн текшерүү максатында пункт-жыйынтык байланыштары (İtem-Total Correlation) жана Cronbach's Alpha ички ырааттуулук анализдери жасалган. Ачыктоочу фактордук анализдери жана ички ырааттуулук анализи SPSS платформасында жасалган. Тастыктоочу фактордук анализдери AMOS платформасында жасалган.

## Изилдөөнүн табылгалары бөлүмү

### *Ачыктоочу фактордук анализ*

**Таблица 1.** *Өспүрүмдөрдүн "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласында орун алган пункттардын саны, ачыктоочу фактордук анализи жана ишенимдүүлүк коэффициенти*

| Шкала | Пункттардын саны | KMO | Barlett's $X^2$ | Жалпы дисперсия % | Фактордук жүк | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Эң төмөн | Эң жогору |
| Кибер зомбулукка каршы сезгичтик | 16 | .81 | 1089.93 $p < .001$ | 48.758 | .47 | .80 |

Шкаланын конструктивдүү валиддүүлүгүн текшерүү үчүн алгач шкалада берилген пункттардын ортосундагы байланыш матрицалары текшерилген жана факторго ылайыктуулугу каралган. Пункттардын анализи үчүн пунк-жыйынтык упай байланышы анализи жасалып, 1 пунктун мааниси (17-пункт) дисперсияга туура келбеген маанини бергени үчүн шкаладан чыгаруу чечими алынган. Калган 16 пункт менен өспүрүмдөрдөн чогултулган маалыматтардын фактордук анализдери үчүн жетип жетпээрин аныктоо максатында ачыктоочу фактордук анализи жасалган. Бул үчүн алгач Кайзер-Мейер-Олкин (KMO) тестине жана Барлеттин сферикалык критейлерине туура келээри текшерилген. KMO тестинин жыйынтыгы боюнча .81 маанисин берип, үлгү үчүн жетээрлик өлчөмдө болгону белгиленген. KMO тести боюнча үлгүнүн жетээрлик маанилерин Кайзер жана Райс (1974) 0.90дон 1.00го чейин эң мыкты, .80ден 0.90го чейин жакшы, 0.70 тен 0.80 ге чейин орто, 0.60тан 0.50гө чейин начар, 0.50дөн аз маанилер кабыл алынбаган маанилер экенин белгилешкен. Барлеттин сферикалык критейлери каралган учурда, чогулган маалыматтардын статистикалык маанилүүлүгү $X^2$=1089.93; $p < .001$ шкаланын эркиндик деңгээли 120 болуп табылып, ачыктоочу фактордук анализ үчүн жетээрлик өлчөмдө экени аныкталган [$X^2$(120)=1089.93; $p < .001$]. Ачыктоочу фактордук анализдин негизинде шкаланын 3 кичи топто бириккени аныкталган. Бул маалыматты 1- формада көрө алабыз.




**1- ФОРМА** *Өспүрүмдөрдүн "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласынын пункттарынын факторлук жүктөрүнүн графикада жайгашкан жерлери*

1- формада 1, 2 жана 3- чекиттеринен кийин графиктин түздөшкөнүн көрө алабыз. 1, 2 жана 3- чекиттен кийин сызыктын ылдыйлашы шкаланын 3 кичи топко же болбосо подшкалага бөлүнөрүнөн кабар берет. Аныкталган 3 факторлук шкаланын факторлук жүктөрү 2-таблицада берилген.

**Таблица 2.** *Өспүрүмдөрдүн "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласынын ачыктоочу факторлук анализинин натыйжалары*

| *Пункттар* | *Ф1* | *Ф2* | *Ф3* | *Өздүк маани* | *Ачыкталган дисперсия* | *Жалпы дисперсия* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| c8 | ,799 | | | **3.906** | **24.412** | **48.758** |
| c14 | ,740 | | | | | |
| c15 | ,713 | | | | | |
| c12 | ,667 | | | | | |
| c13 | ,553 | | | | | |
| c5 | ,510 | | | | | |
| c7 | ,471 | | | | | |
| c9 | | ,754 | | **2.513** | **15.707** | |
| c10 | | ,734 | | | | |
| c2 | | ,679 | | | | |
| c1 | | ,642 | | | | |
| c16 | | ,553 | | | | |
| c6 | | | -,734 | 1.382 | 8.639 | |
| c4 | | | -,728 | | | |
| c11 | | | -,639 | | | |
| C3 | | | -,494 | | | |

16 пункттан турган шкалага ачыктоочу факторлук анализи жасалып, жыйынтыгында "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласынын пункттары 3 кичи группадан тураары аныкталган. Биринчи, кибер зомбулуктан "Коргонуу" подшкаласы 7 пункттан (8,14,15,12,13,5,7) турган. Дисперсиянын 24.41% түшүндүрүп, .47ден .80ге чейинки аралыктагы факторлук жүктөрдөн турган. Шкаланын экинчи кибер зомбулуктагы "Адеп" подшкаласы 5 пункттан (9,10,2,1,16) туруп, дисперсиянын 15.71% түшүндүрүп факторлук жүктөрү .55тен .75ке чейинки жүктөрдү түзгөн. Шкаланын үчүнчү кибер зомбулук жөнүндө "Маалыматтуулук" подшкаласы 4 пункттан (6,4,11,3) туруп, дисперсиянын 8.64% түшүндүргөн. Үчүнчү подшкалага тиешелүү факторлук жүктөр .50дөн .73кө чейин өзгөргөн. Ховард (2016) 0.40тан жогору болгон факторлук жүктөрдүн идеалдуу деп эсептелеэрин, айрыкча факторлук жүктөр арасындагы жүктөрдүн чоңдугу 0.10дон көп болуусу шарт экенин белгилеген. Бул маанилерди эске алганда, шкаладагы пункттардын факторлук жүктөрү идеалдуу экенин жана ар бир пункттун тиешелүү болгон факторго кошкон салымынын маанилүү экенин көрсөк болот.

### *Тастыктоочу факторлук анализ*

**Таблица 3** *Өспүрүмдөрдүн "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласынын тастыктоочу факторлук анализинин натыйжалары*

| $\chi^2$ | *df* | $(\chi^2/sd)$ | *RMSEA* | *CFI* | *GFI* | *AGFI* | *IFI* | *TLI* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 181.98 | 98 | 1.86 | 0.05 | 0.92 | 0.93 | 0.90 | 0.92 | 0.90 |

Өпүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоочу шкаланын тастыктоочу факторлук анализинин натыйжасында Хи-квадратынын ($\chi^2$) мааниси 181.98 жана эркиндик деңгээли (df) 98 болуп табылган. Хи-квадраты/эркиндик деңгээли болсо 1.86 болуп аныкталып, эң сонун болгон көрсөткүчтү көрсөткөн. Шкаланын ылайыктуулук индекстери RMSEA:0.05 эң сонун ылайыктуулук коэффициенттин көрсөткөн. Калган ылайыктуулук индекстери CFI:0.92, GFI:0.93, AGFI:0.90, IFI:0.92, TLI:0.90 болуп табылып, жакшы деңгээлдеги ылайыктуулукту көрсөткөн (Hu & Bentler, 1999). Жогорудагы натыйжалар ачыктоочу факторлук анализдердин натыйжаларын тастыктап турат. Тастыктоочу факторлук анализге тиешелүү коэффициенттер жана жол диаграммасы 1-формада көрсөтүлгөн.




**2- ФОРМА** *Өспүрүмдөрдүн "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласынын тастыктоочу факторлук анализинеге тиешелүү коэффициенттери жана жол диаграммасы*

2-формада ар бир пункттун байланыш коэффиценттери көрсөтүлгөн. Коэфиценттердин арасындагы байланыштардын мыкты деңгээлде экени көрүнүп турат [$\chi2$=181.98; df=98; $p < .001$]. 6-2-пункт, 10-9-пункт, 14-13-пункттар арасында жогору деңгээлдеги байланыш болгондуктан октор менен байланыштырылган. Айрыкча 3 кичи топко бөлүнгөн шкаланын ылайыклуулук индекстери болгон RMSEA:0.06 эң сонун ылайыктуулук коэффициенттин көрсөткөн жана калган CFI:0.92, GFI:0.93, AGFI:0.90, IFI:0.92, TLI:0.90 кабыл алына турган ылайыктуулук индекстерине туура келип, шкаланын кабыл алына турган модел экенин көрсөткөн.

### *Ишенимдүүлүк анализдерине байланыштуу табылгалар*

**Таблица 4.** *Өспүрүмдөрдүн "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласынын ишенимдүүлүк коэфициенти (Cronbach's Alpha)*

| **Кибер зомбулукка каршы сезгичтик шкаласы** | **Кичи топтор жана жалпы** | α | **Пункттардын саны** | **Факордук жүктөр** |
|---|---|---|---|---|
| Коргонуу | 1-фактор | .80 | 7 | .47 - .80 |
| Адеп | 2-фактор | .72 | 5 | .55 - .75 |
| Маалыматтуулук | 3-фактор | .63 | 4 | .49 - .79 |
| Кибер зомбулукка каршы сезгичтик | Жалпы шкала | .73 | 16 | .47 - .80 |

Алгач каралама-шкаланын пункт-жалпы упай байланыштары каралган. Пунк-жалпы упай байланыштары- ар бир пункттун калган жалпы пункттар менен болгон байланышын көрсөтөт. Бул анализдин жыйынтыгында 17- пункт калган пункттар менен терс байланышта болгондуктан шкаладан чыгартылган. Мындан соң Cronbach's Alpha ишенимдүүлүк анализи жасалган. Жалпы шкаланын ишенимдүүлүк анализинин натыйжасында (Cronbach's Alpha) ишенимдүүлүк упайы .73 болуп табылган. Кибер зомбулуктан "Коргонуу" 1- подшкаласынын ишенимдүүлүк упайы .80, экинчи "Адеп" подшкаласынын упайы .72, үчүнчү "Маалыматтуулук" кичи тобунун упайы .63 болуп аныкталган. Аныкталган упайлар жогору деңгээлдеги ишенимдүүлүктү көрсөтүп, шкала пункттарынын бири-бири менен болгон ички ырааттуулугунун жогору экенин көрсөткөн. Cronbach's Alpha упайлары 0.00 дөн 0.40ка чейинки упайлар ишенимдүү эмес, 0.40тан 0.60ка чейинки упайлар төмөнкү деңгээлдеги ишенимдүүлүктү, 0.60тан 0.90го чейинки упайлар жогорку деңгээлдеги ишенимдүүлүктү, 0.90дон 1.00ге чейинки упайлар болсо эң мыкты деңгээлдеги ишенимдүүлүктүн көрсөткүчү болуп саналат (Özdamar, 1999). Ошондуктан анализдин жыйынтыгында жогорку деңгээлдеги ишенимдүүлүк табылган.

## Корутунду

Изилдөөнүн максатынын негизинде өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоочу жарактуу жана ишенимдүү шкала иштелип чыкты. Алгач шкала 20 пунктту камтыган. Эксперттердин текшерүүсүндө пункттардын максатына так-туура келбеген пункттар чыгарылып, керектүү болгон оңдоп-түзөөлөр жасалып, 17 пункттан турган каралама-шкала даярдалган. Даярдалган каралама-шкала менен пилоттук анализ үчүн 40 окуучудан маалымат топтолгон. Анын негизинде каралама-шкаланын түшүнүктүүлүгү аныкталып, анализдер үчүн маалыматтар чогултулуп башталган. Топтолгон маалыматтардын үлгү үчүн ылайыктуулугу Кайзер-Мейер-Олкин тестин жана Барлеттин сферикалык критейлеринин жардамы менен аныкталган. Бул анализдердин жыйынтыгында топтолгон маалыматтардын факордук анализдер үчүн ылайыктуу экени аныктаалып, ачыктоочу факордук анализи жасалган.

Ачыктоочу факордук анализи 17 пункттан турган каралама-шкала менен жасалган. Бирок 1 пункттун (17-пунк) шкаланын калган пункттары менен терс байланышта болгону аныкталып, шкаладан чыгаруу чечими кабыл алынган. 16 пункт менен кайрадан ачыктоочу факордук анализи жасалып, шкаланын 3 факторго бөлүнөөрү аныкталган. Шкаланын биринчи факторундагы кичи топто орун алган пункттар кибер зомбулуктан коргонууга байланыштуу болгондуктан, "Коргонуу" подшкаласы деп аталган. Экинчи кичи топтогу пункттар адеп менен байланыштуу, ошондуктан "Адеп" пошдкаласы деп аталган. Үчүнчү кичи топтогу пункттар кибер зомбулук жөнүндө маалыматтуулукту камтыгандыктан "Маалыматтуулук" подшкаласы деп атоого чечим чыгарылган. Бул үч фактордон турган шкаланын факордук жүктөрү .47 менен .80дин арасында өзгөргөнү белгилүү болгон. Шкаланын жалпы дисперсиясы 48.76 болуп табылган. Социалдык-гуманитардык илимдерде көп факордуу шкалаларда жалпы дисперсиянын 40% менен 60% арасында болуусу жетээрлик олчөмдө болуп саналат (Tavşancıl, 2005). Ошондуктан шкаланын жалпы дисперсиясынын жетээрлик өлчөмдө ачыктаганы көрүнүп турат.

Ачыктоочу факордук анализдеринин жыйынтыгында аныкталган 16 пункттан турган шкалага тастыктоочу факордук анализдери жасалган. Кибер зомбулукка каршы сезгичтик шкаласынын тастыктоочу факордук анализдеринин жыйынтыгында шкаланын Хи-квадратынын ($\chi^2$) мааниси 181.98 жана эркиндик деңгээли (df) 98 болуп табылган. Хи-квадраты/эркиндик деңгээли болсо 1.86

болуп аныкталып, эң сонун болгон көрсөткүчтү көрсөтө алган. Шкаланын ылайыктуулук индекстери RMSEA:0.05 эң сонун ылайыктуулук коэффициенттин көрсөткөн. Калган ылайыктуулук индекстери CFI:0.92, GFI:0.93, AGFI:0.90, IFI:0.92, TLI:0.90 болуп табылып, жакшы деңгээлдеги ылайыктуулукту көрсөткөн (Hu & Bentler, 1999). Бул натыйжалар ачыктоочу фактордук анализдеринин жыйынтыгынын тууралыгын тастыктаган.

Шкаланын ишенимдүүлүгүн текшерүү үчүн пункт-жалпы упай байланыштары жана Cronbach's Alpha ишенимдүүлүк анализи жасалган. Пункт-жалпы упай байланыштары анализинин жыйынтыгында 17-пункттун калган пункттар менен терс байланышта болгону аныкталган. Ошондуктан шкаладан чыгаруу чечими чыгарылган. Мындан соң Cronbach's Alpha ишенимдүүлүк анализи жасалган. Өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоочу шкаланын ишенимдүүлүк анализинин натыйжасында (Cronbach's Alpha) жалпы шкаланын ишенимдүүлүк упайы .73 болуп табылган. Кибер зомбулукка каршы сезгичтик шкаласынын кичи топторунун "Коргонуу" 1-подшкаласынын ишенимдүүлүк упайы .80, экинчи "Адеп" подшкаласынын упайы .72, үчүнчү "Маалыматтуулук" кичи тобунун упайы .63 болуп аныкталган. Аныкталган упайлар жогору деңгээлдеги шкаланын ишенимдүүлүгүн көрсөтүп, шкала пункттарынын бири-бири менен болгон ички ырааттуулугунун жогору экени аныкталган.

Өспүрүмдөрдүн "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласынын акыркы формасы 16 пункттан туруп, белгилөө үчүн "1=Такыр кошулбайм", "2=Кошулбайм", "3=Так айта албайм", "4=Кошулам", "5=Толук кошулам" жоопторун камтыйт. Шкалада жалпы 11 оң пункт бар, алар: 3,4,5,6,7,8,11,12,13,14,15. Калган 5 пункт терс пункттар, алар: 1,2,9,10,16. Өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоодо терс пункттардын (1,2,9,10,16) упайлары тескерисине алмаштырылып эсептелүүсү абзел. Мисалы: терс пункттар (1,2,9,10,16) "5=Такыр кошулбайм", "4=Кошулбайм", "3=Так айта албайм", "2=Кошулам", "1=Толук кошулам" катары эсептелет. Жалпы шкаладан алынган эң көп упай 80, эң аз упай 16 болуп эсептелет. 64-80 арасындагы упайлар жогорку деңгээлдеги кибер зомбулукка каршы сезгичтикти көрсөтөт. 33-63 арасындагы упайлар орто деңгээлдеги кибер зомбулукка каршы сезгичтикти көрсөтөт. 16-32 төмөнкү деңгээлдеги кибер зомбулукка каршы сезгичтикти көрсөтөт.

Өспүрүмдөрдүн "Кибер зомбулукка каршы сезгичтик" шкаласынын конструктивдүү валиддүүлүк жана ишенимдүүлүк анализдеринин табылгаларынын натыйжасында, шкала-өспүрүмдөрдүн кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлдерин аныктоодо колдонулуучу ишенимдүү жана жарактуу курал катары колдонула алат. Шкаланын акыркы формасы 1- кошумчада берилген.

## Etik Beyan

*"Ergenlerin Siber Zorbalığa Karşı Duyarlılık Düzeylerini Belirlemek İçin Bir Ölçek Geliştirilmesi"* başlıklı çalışmanın yazım sürecinde bilimsel kurallara, etik ve alıntı kurallarına uyulmuş; toplanan veriler üzerinde herhangi bir tahrifat yapılmamış ve bu çalışma herhangi başka bir akademik yayın ortamına değerlendirme için gönderilmemiştir. Gerekli olan etik kurul izinleri Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Kurulu'nun 31 Mayıs 2024 tarih ve 2024_9 sayılı toplantısında alınmıştır.

## Этикалык комитет баяны

*Өспүрүмдөрдүн Кибер Зомбулукка Каршы Сезгичтик Деңгээлдерин Аныктоочу Шкаласын Иштеп Чыгуу* аттуу изилдөө ишин жазуу процессинде илимий эрежелер, этика эрежелери жана цитата эрежелери сакталган. Чогултулган маалыматтар бурмаланган эмес, изилдөө жарыялоо үчүн башка академиялык басылмаларга жөнөтүлгөн эмес. Керектү ү этикалык уруксат - Кыргыз-Тү рк Манас Университети кеңешинин 31 Май 2024 тарых жана 2024_9 номурлуу чогулушунда алынган.

## Изилдөөчүлөрдүн салым кошуусу боюнча пайыздык баяндамасы

Изилдөөчүлөрдүн кошкон салымдары тең болуп эсептелет.

## Конфликт боюнча

Изилдөөдө эч кандай конфликт потенцсиалы жок деп эсептелет.

## Колдонулган адабияттар


Bryman, A., & Cramer, D. (2002). *Quantitative Data Analysis with SPSS for Windows. A Guide for Social Scientists.* New York: Routledge. ISBN: 9780203498187.

Büyüköztürk, Ş. (2023). *Veri analizi el kitabı.* Ankara: Pegem Akademi. ISBN 978-975-6802-74-8.

Ercan, İ., & Kan, İ. (2004). Ölçeklerde güvenirlik ve geçerlik. *Uludağ Üniversitesi Tıp Fakültesi Dergisi*, 30(3), 211 - 216. https://dergipark.org.tr/tr/pub/uutfd/issue/35255/391149.

Erkuş, A. (2022). *Psikolojide ölçme ve ölçek geliştirme-I* . Ankara: Pegem Akademi. ISBN 978-605-364-311-1.

Everitt, B. (1975). Multivariate analysis: the need for data, and other problems. *British Journal of Psychiatry*, 126, 237-240. DOI: 10.1192/bjp.126.3.237.

Gouws, E., Kruger, N., & Burger, S. (2003). *The Adolescent.* Johannesburg: Heinemann. ISBN-13: 9781868538522.

Güvendir, M., & Özkan, Y. (2024). *Tüm yönleriyle ölçek geliştirme süreci.* Ankara: Pegem Akademi. ISBN 978 625 6357 00 6.

Hinduja, S., & Patchin , J. (2008). Cyberbullying: An exploratory analysis of factors related to offending and victimization. . *Deviant Behavior*, 29(2), 129–156. https://doi.org/10.1080/01639620701457816.

Howard, M. (2016). A review of exploratory factor analysis (EFA) decisions and overview of current practices: what we are doing and how can we ımprove. *International Journal of Human-Computer Interaction*, 32(1), 51-62. DOI:10.1080/10447318.2015.1087664.

Hu, L.-t., & Bentler, P. (1999). Cutoff criteria for fit indexes in covariance structure analysis: Conventional criteria versus new alternatives. *Structural Equation Modeling*, 6(1), 1–55. https://doi.org/10.1080/10705519909540118.

Kaiser, H., & Rice, J. (1974). Little Jiffy, Mark IV. *Educational and Psychological Measurement*, 34(1), 111-117. https://doi.org/10.1177/001316447403400115.

Kline, R. (2013). *Exploratory and Confirmatory Factor Analysis, Y. Petscher ve C. Schatsschne ider, (Ed.), Applied quantitative analysis in the social sciences ичинде (171-207).* New York: Routledge. ISBN 9780203108550.

Kulaksızoğlu, A. (2009). *Ergenlik Psikolojisi (11. Baskı).* İstanbul: Remzi Kitabevi.

Kuzgun, Y. (2002). *Rehberlik ve psikolojik danışma.* Ankara: ÖSYM Yayınları.

McLouglin, L., Spears, B., & Taddeo, C. (2018). McLoughlin, L., Spears, B., Taddeo, C. (2018). The importance of social connection for cybervictims: how connectedness and technology could promote mental health and wellbeing in young people. *İnternational Journal of Emotional Education*, 5-24 5(1). Ulaşım adresi https://eric.ed.gov/?id=EJ1177668.

Mitalipov, K. M. (2018). Öspürüm kuraktagı baldardın psihologiyalık özgöçölüktörü. Izvestiya vuzov Kırgızstana, 138-139 [Миталипов, К. М. (2018). Өспүрүм курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү. *Известия вузов Кыргызстана*, 138-139].

Muthén, L., & Muthén, B. (2002). How to Use a Monte Carlo Study to Decide on Sample Size and Determine Power. *Structural Equation Modeling*, 9, 599-620. https://doi.org/10.1207/S15328007SEM0904_8.

Özdamar, K. (1999). *Paket programlar ile istatistiksel veri analizi* . Eskişehir: Kaan Kitapevi.

Şencan, H. (2005). *Sosyal ve davranışsal ölçümlerde güvenirlirlikk ve geçerlilik.* Seçkin Yayıncılık.

Smith, P., Mahdavi, J., Carvalho, M., Fisher, S., Russell, S., & Tippett, N. (2008). Cyberbullying: its nature and impact in secondary school pupils. *Journal of Child Psychology and Psychiatry*, 49(4), 376-385. https://doi.org/10.1111/j.1469-7610.2007.01846.x.

Steinberg, L. (2020). *Adolescence 12edition.* New York: McGraw-Hill Education. ISBN 1260058891. Ulaşım adresi https://www.mheducation.com/unitas/highered/sample-chapters/9781260058895.pdf.

Tabachnick, B., & Fidell, L. (2013). *Using Multivariate Statistics (6 edition).* Pearson Education. ISBN 9780205849574.

Tavşancıl, E. (2005). *Tutumların ölçülmesi ve SPSS ile veri analizi.* Ankara: Nobel.

Tavşancıl, E. (2005). *Tutumların ölçülmesi ve SPSS ile veri analizi.* Ankara: Nobel Akademik Yayıncılık. ISBN978-605-133-740-1.

Yiğit, M., & Seferoğlu, S. (2017). Siber zorbalıkla ilişkili faktörler ve olası çözüm önerileri üzerinde bir inceleme. *ne Journal of Technology Addiction & Cyberbullying* , 4(2), 13-49. Ulaşım adresi https://dergipark.org.tr/tr/pub/ojtac/issue/33736/350465.


## EXTENTED ABSTRACT

Once an individual begins to exist, they continuously grow and develop. Among the developmental stages following birth, one of the most critical periods is known to be adolescence (Kulaksızoğlu, 2009). The word adolescence started to be used in the literature in 1890-1920. The ages between 11-13 years are called early adolescence, 14-17 years are called adolescence, and 18-22 years are called late adolescence (Gouws, Kruger, & Burger, 2003). Adolescence is seen as the most important period for the adolescent's physical development, the prominence of his/her friends, and the development of his/her personality (Kuzgun, 2002). Many external factors can also affect whether a person's personality is positive or negative. Bullying can be mentioned as one of these external factors. There are various types of bullying. Traditional bullying or peer bullying, relational bullying, emotional bullying, psychological bullying (Smith, et al. 2008). Cyberbullying has emerged with the widespread use of technology. Cyberbullying is the

deliberate and repetitive behavior of an individual to hurt, humiliate, intimidate, or exclude another person in a digital environment with the help of technology using the Internet (Hinduja & Patchin, 2008). Cyberbullying can negatively affect adolescents' self-esteem, reduce their motivation to read, and even lead to suicide (McLouglin, Spears, & Taddeo, 2018). It is crucial to have a high level of sensitivity towards cyberbullying to prevent the aforementioned situations. However, it is first necessary to identify the current situation. Therefore, this study aims to develop a valid and reliable scale to determine the sensitivity levels of adolescents toward cyberbullying. To develop this scale data were collected from students of grades 7, 8, 9, 10, and 11 (ages 14-18) studying in state schools in Bishkek during the 2023-2024 academic year. For the scale development analyses aimed at determining adolescents' sensitivity to cyberbullying, data was collected from a total of 451 students from two sample groups. For the first sample group, data was collected from 281 students to conduct Exploratory Factor Analysis (EFA) and Reliability Analyses. Data was collected from the second sample group at three-week intervals to perform Confirmatory Factor Analysis (CFA). For the CFA, data was collected from 170 students using a 16-item draft scale. As a result of the EFA, it was determined that the cyberbullying sensitivity scale was grouped under three sub-dimensions: "Defense," "Ethics," and "Awareness". The factor loadings of the items in the scale ranged between .47 and .80. As a result of the reliability analysis of the scale, the total Cronbach's Alpha coefficient was determined to be .73, which is quite reliable. As a result of the Confirmatory Factor Analysis, the c2 value was 181.98 and the degree of freedom was 98. The c2 /df ratio was found to be 1.86 and the fit index was found to be RMSEA: 0.05, indicating a high level of fit. Other fit indices, CFI: 0.92, GFI: 0.93, AGFI: 0.90, IFI: 0.92, and TLI: 0.90, were found to be within acceptable limits. Therefore, as a result of the findings obtained in this study, it was revealed that the cyberbullying sensitivity scale is a valid and reliable measurement tool for determining adolescents' sensitivity levels to cyberbullying. The scale is a five-point Likert-type scale and includes the options "1-strongly disagree, 2-disagree, 3-undecided, 4-agree, 5-strongly agree". There are 11 positive items (3, 4, 5, 6, 7, 7, 8, 8, 11, 12, 13, 14, 15) and 5 reverse items (1, 2, 9, 10, 16). The reverse items must be changed to positive items when summing the scale scores. The highest score that can be obtained from the scale is 80, the lowest score is 16. Scores between 64-80 on the scale explain the high level of cyber sensitivity. Scores between 33 and 63 explain medium-level cyber sensitivity, while scores between 16-32 explain low-level cyber sensitivity. In the literature, there is no scale development study in Kyrgyz language, the validity and reliability of which have been determined and published in any journal. Therefore, we hope that this study will fill the gap in the literature and shed light on similar studies in the future.

**1- кошумча**

**Урматтуу окуучу,**

Берилген шкала сиздин кибер зомбулукка каршы сезгичтик деңгээлиңизди аныктоо максатында түзүлгөн. Төмөндөгү пункттарга канчалык деңгээлде кошулууңузду ✓ белгиси менен белгилегилеңиз. Атыңызды жазуу талап кылынбайт.

**Кибер зомбулукка каршы сезгичтик шкаласы**

| ПУНКТТАР | Такыр кошулбайм | Кошулбайм | Так айта албайм | Кошулам | Толук кошулам |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Жашыруун номерден чалып тынчымды алса, кара тизмеге киргизбейм | | | | | |
| 2.Бирөөнүн сүрөт/видеосун интернетке жүктөөр алдында уруксат алынуусу зарыл эмес | | | | | |
| 3.Телефонума жеке маалыматтарымды коргоо максатында пароль коемун | | | | | |
| 4.Социалдык тармакта мен жөнүндө жалган маалымат тарап кетсе, кимге кайрыларымды билем | | | | | |
| 5.Жашоодо жакшы мамиледе болбогон адамдан социалдык тармактарда да алыс болууну туура көрөм | | | | | |
| 6.Бирөө мага социалдык тармактан (Instagram, WhatsApp ж.б.) жаман сөз жазса, аны менен жашоодо мамилемди токтотомун | | | | | |
| 7.Башкалардын социалдык баракчаларында жаман көрүнүштөрдү бөлүшүүсү мени ыңгайсыз кылат | | | | | |
| 8.Башкалардын катышуусундагы сүрөт/видеону уруксатсыз социалдык баракчамда бөлүшөм | | | | | |
| 9.Социалдык тармактарда (Instagram, WhatsApp ж.б.) тастыкталбаган маалымат бөлүшөм | | | | | |
| 10.Социалдык баракчамдын паролун башкалар менен бөлүшөм | | | | | |
| 11.Бирөөнүн ыңгайсыз абалга кабылган учурун сүрөткө/видеого тартамын | | | | | |
| 12.Интернетте жаман көрүнүштөгү маалыматтарга колдоо иретинде пикир жазамын | | | | | |
| 13.Интернетте зомбулукка кабылып каларым мүмкүн экенин билем | | | | | |
| 14.Социалдык баракчамда бөлүшкөн сүрөт/видеомду башкалар жаман максатта колдонушу мүмкүн | | | | | |
| 15.Социалдык тармактарда (Instagram, WhatsApp ж.б.) мен жөнүндө жалган маалымат тарап кетүүсү мүмкүн | | | | | |
| 16.Интернет аркылуу зомбулук жасалышы мүмкүн эмес | | | | | |